# Банктар аралык кредиттик ресурстардын рыногу

*(2013-жылдын январь-март айлары)*

**1-график. Ички банктар аралык кредиттик рынокто операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Кароого алынган мезгил, банктар аралык кредиттөө рыногунда гана эмес, бүтүндөй финансы секторунда да жагдайды түптөгөн базалык факторлордун бири болуп саналган банк тутумунун ликвиддүүлүгү туруктуу деңгээлде сакталгандыгы менен мүнөздөлгөн. Кылдат иликтөөгө алсак, январь айында банк системасындагы ашыкча камдардын орточо күндүк көлөмү өткөн айдагы 3,2 млрд. сомго каршы 4,0 млрд. сомду түзүү менен көбөйүүсүн уланткан. Рыноктун алдынкы катышуучулары ликвиддүүлүктүн жетиштүү запасына ээ болушкан, анын кесепетинен банктар аралык кредиттөө көрсөткүчү гана эмес, сунушталган "овернайт" кредиттеринин көлөмү да төмөндөгөн. Банктар аралык кредиттик рынокто карыздык каражаттардын наркынын азайышы рыноктук жигердүүлүктүн төмөндөөсүнүн башка натыйжасынан болгон, бул улуттук валютадагы кредиттердин сунуштоо мөөнөттөрүнүн өсүп кеткендигинен улам жүргөн. Февраль айында ликвиддүүлүктүн орточо күндүк деңгээли 3,3 млрд. сомго чейин, негизинен, айдын экинчи жарымында төрт алдыңкы банктардын эки катышуучусунда ашыкча кам көрсөткүчтөрүнүн азайышынын натыйжасында төмөндөгөн. Мында, репо шарттарында эң эле талап кылынган карыз алуулар боюнча бүтүмдөр буга чейинки ай ичинде белгиленген шарттарда эле жүргүзүлүп келген. Ошондой эле "овернайт" кредиттерине суроо-талаптын төмөндөөсү да жүргөн, алардын көлөмү январь айынын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 44,4 пайызга, 91,2 млн. сомго чейин азайган. Чейректин акыркы айында "овернайт" кредиттерин кошо алганда, рыноктун бардык сегменттеринде көрсөткүчтөрдүн олуттуу төмөндөөсү белгиленген, бул негизинен, февраль айындагыдай эле рыноктун алдыңкы катышуучуларында ашыкча камдардын волатилдүүлүгүнүн сакталышынан улам, системада ашыкча камдар көлөмүнүн бир аз төмөндөшү шартында жүргөн.

**2-график. Ички банктар аралык кредиттик рынокто операциялар көлөмү жана пайыздык чендери**



**2-график. Резидент эмес-банктар менен чет өлкө валютадагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредиттик рынокто операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Ички банктар аралык карыз алышуу рыногунда операциялардын жалпы көлөмү жылдык мааниде алганда 28,5 пайызга (же 2012-жылдын акыркы үч айынын суммардык көрсөткүчүнө салыштырмалуу 44,7 пайызга) төмөндөө менен 1,0 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жалпы көрсөткүчтүн 583,3 млн. сомго чейин төмөндөөсүнө алып келген март айында келишилген репо келишимдеринин көлөмүнүн кыйла азайышы негизги себептен болгон, бул өткөн салыштырууга алынган мезгилдеги көрсөткүчтөн 55,9 пайызга төмөн. Өз кезегинде, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 9,5 пайызга, 434,7 млн. сомго чейин азайган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар ортосунда чет өлкө валютасында кредиттик бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.

Ички рынокто банктар аралык ресурстарга карата суроо-талаптын төмөндөшүнүн натыйжаларынын биринен болуп, 2012-жылдын август айында белгиленген алардын наркынын төмөндөө тенденциясынын сакталып турушу саналат. Репо бүтүмдөрү боюнча орточо салмактанып алынган чен жылдык эсептөөдө тез арада 7,0 пайыздык пунктка, 3,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Улуттук валютадагы кредиттер орточо алганда 8,5 пайыз менен берилген, бул 2012-жылдын 1-чейрегине караганда 1,5 пайыздык пунктка төмөн. Мында улуттук валютадагы кредиттер боюнча төлөө мөөнөттөрү 2012-жылдын 1-чейреги ичинде 4 күндөн 279 күнгө чейин өскөн, ошол эле учурда репо шарттарында каражаттарды берүү узактыгы 3 күндү (2012-жылдын январь-март айларында – 4 күндү)[1] түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык кредиттөө рыногундагы жагдайдын орун алышына таасирин тийгизген башка фактор катары, сунушталган "овернайт" кредиттеринин көлөмүнүн 2012-жылдын 4-чейрегине салыштырмалуу 91,8 пайызга, 297,4 млн. сомго чейин кыйла төмөндөөсү саналат. Эсептик чендин өзгөрүү динамикасына салыштырсак "овернайт" кредитинин орточо айлык наркы 2012-жылдын 4-чейрегиндеги 4,0 пайыздан 3,5 пайызга төмөндөгөн ("овернайт" чени жылдык эсептөөдө 10,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн).

Кредиторлордун концентрациялануу индекси чейрек ичинде 0,22ден 0,20га чейин төмөндөгөн, дебиторлордун концентрациялануу индекси 2012-жылдын 4-чейрегиндеги 0,28ге каршы 0,26ны түзгөн. Бул индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүшкө ээ беш кредитордун жана төрт карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

Резидент эмес-банктар менен валюта түрүндө келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү 2012-жылдын январь-март айларындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырмалуу 86,9 пайызга төмөндөп, 2,8 млрд. сомдук эквивалентти түзгөн. Бул сегментте карыз алышуулардын жалпы көлөмүнүн тең жарымынан көбү, өтүп жаткан жылдын январь

[1] Эскертүү: Салыштыруу үчүн орточо алынган мөөнөттөр алынган.

айында катталган, калган бөлүгү төмөндөө менен кийинки эки ай ичинде бөлүштүрүлгөн. Карыз алышуу АКШ доллары жана евро валюталарында ишке ашырылган. Бул сегментте бүтүмдөрдүн бардык көлөмү мурдагыдай эле, коммерциялык банктар арасынан кредитор катары иш алып барган бир банктын эсебинен калыптанган. 2013-жылдын январь-март айларында резидент эмес-банктар менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн чейректеги көрсөткүчкө салыштырмалуу 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 1,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | 360 күндөн к-н | |
| | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| Март'2012 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 250.0 | 2 | 6.0 | 150.0 | 8.0 | 100.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 177.0 | 4 | 6.6 | 25.0 | 3.0 | 152.0 | 7.2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 160.0 | 3 | 8.0 | - | - | 160.0 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 150.0 | 3 | 7.8 | - | - | 100.0 | 7.8 | 50.0 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 100.0 | 2 | 8.0 | - | - | 50.0 | 8.0 | 50.0 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 480.6 | 11 | 7.7 | 75.0 | 4.0 | - | - | 23.5 | 9.0 | 22.4 | 9.0 | 80.2 | 10.1 | - | - | 120.8 | 9.6 | 69.0 | 6.5 | 89.7 | 6.5 |
| Январь'2013 | 119.1 | 3 | 7.2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 119.1 | 7.2 | - | - | - | - |
| Февраль | 246.6 | 3 | 11.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 47.8 | 7.0 | 47.8 | 7.0 | 151.0 | 14.0 |
| Март | 69.0 | 2 | 7.0 | - | - | - | - | - | - | 20.0 | 7.0 | - | - | - | - | - | - | 49.0 | 7.0 | - | - |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | 360 күндөн к-н | |
| | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| Март'2012 | 525.9 | 19 | 9.3 | 95.2 | 9.0 | 430.7 | 9.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 242.8 | 7 | 7.1 | 104.7 | 7.0 | 138.0 | 7.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 792.7 | 15 | 7.7 | 190.1 | 7.5 | 602.5 | 7.8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 820.6 | 19 | 8.2 | 231.5 | 8.2 | 534.6 | 8.2 | 54.4 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 261.4 | 4 | 7.8 | - | - | 261.4 | 7.8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 578.4 | 10 | 8.0 | 13.2 | 8.0 | 565.2 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 620.7 | 11 | 8.0 | 98.1 | 8.0 | 522.6 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 389.2 | 5 | 6.6 | 100.1 | 7.5 | 289.1 | 6.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 841.7 | 12 | 4.5 | 41.6 | 4.0 | 800.1 | 4.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 90.7 | 3 | 3.5 | - | - | 67.2 | 3.5 | 23.5 | 3.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2013 | 331.2 | 6 | 3.3 | - | - | 298.2 | 3.3 | 33.1 | 3.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 229.1 | 6 | 3.3 | - | - | 229.1 | 3.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 23.0 | 1 | 3.5 | - | - | 23.0 | 3.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | 360 күндөн к-н | |
| | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| Март'2012 | 70.1 | 4 | 0.0 | - | - | 23.4 | 0.0 | 23.4 | 0.0 | 23.4 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 112.4 | 6 | 0.0 | - | - | 89.0 | 0.0 | 23.5 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 38.4 | 4 | 0.2 | 3.2 | 3.0 | 35.3 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 56.0 | 4 | 0.5 | 2.9 | 3.0 | 53.1 | 0.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 33.0 | 1 | 0.0 | - | - | 33.0 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 33.1 | 6 | 3.0 | 24.1 | 3.0 | 9.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 7.6 | 1 | 3.0 | - | - | 7.6 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 18.2 | 3 | 3.0 | 12.2 | 3.0 | 6.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 13.0 | 1 | 3.0 | 13.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2013 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |